**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: **1** Сабак өтүлгөн күн: **28.11.2025**

2. Тайпасы: **GM II 13** Парасы: **2**

3. Окутуучунун аты-жөнү: **улук окут. Жусубалиева М.Т.**

4.Дисциплинанын аталышы: **Орус тили**

5. Сабактын түрү: **семинардык**

6. Сабактын темасы: **"Дене мүчөлөрү. Шилтеме ат атооч"**

7. Сабактын иштелмеси: **бар**

8. Көрсөтмө куралдары: **жумушчу дептер, карточкалар, түстүү маркерлер ж.б.**

9. Сабак өтүүнүн методдору: **суроо-жооп, кайталоо**

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

**А) Сабактын жетишкендиктери:** Сабак өз убагында башталып, өз убагында бүттү. 1 студент ооруп калып келбеди. Студенттер кыргызча санашты үйрөнүп алышыптыр, өздөрү жөнүндө маалымат беришти билишет. Орусча ыр жаттап айтып беришкени мени кубандырды. Бул иш-аракет студенттерди бат сүйлөөгө көндүрүү максатында уюштурулду. Окутуучу жумушчу дептер түзүп, сабакта колдонот экен, бул жакшы саамалык. Ар бири менен иштөөгө аракет болду. Бардык студенттер халат кийип келишти. Жазма тамгалар менен жазган жана окуган студенттер үчүн жеңил экендигин мугалим эске алып, ийкемдүү мамиле жасады.

**Б) Сабактын кемчиликтери:**

Студенттер сөздөрдүн окончаниелерин туура эмес айтышат, аны ар дайым оңдоп туруу болгон жок. Мугалим классикалык формада келиш керек. Окуу ишмердүүлүгү азыраак болуп калды.

**В) Окутуучуга берилген сунуштар:**

Алсыз студенттер менен көбүрөөк иштөө жана сабактын тарбиялык максатынын ишке ашышына көңүл буруу сунушталат.

Катышуучунун аты-жөнү: **доц. С.М. Амиралиев**